АК ЖАЛЫН

Сөзү: Калчоро Көкүловдуку
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2019-жыл, 15-март

Бешенеңе, берекеңе, пейлиңе,
Перизаада көздөрүңө бейкүнөө,
Бул дүйнөнүн бар бакытын сен алып,
Бар азабы мага калса мейли эле.

Жамалыңа, жарыгыңа, жаныңа,
Кызыгыңа, кызылыңа, агыңа,
Кылчактабай кетээр элем жер кезип
Кылым кунун сурап турсаң дагы да.

Бүт дүйнөнү сурап турсаң бермекмин,
Бүт дүйнөнүн азаптарын көрмөкмүн,
Дүйнө бүткөн жерден туруп үн салсаң,
Дүйнө бүткөн жерден туруп келмекмин.

Жалгыз сенсиң көңүлдөгү ак жалын
Жалгыз сенсиң өмүрдөгү ак таңым.
Өкүнүчкө көнүп бара жатканда,
Өзүң болдуң өзөк өрттөп тапканым.